Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын Ыкчам Чара Көрүү Тобунун
"Бүтүн-Кыргызстан" саясий партиясынын билдирүүсү боюнча
КОРУТУНДУСУ

12-апрель 2021-жыл. Исфана шары

2021-жылдын 12-апрелинде саат 11:25те Лейлек аймактык шайлоо комиссиясына "Бүтүн-Кыргызстан"саясий партиясынын Исфана шаардык бөлүмүнөн арыз келип түшкөн.Арыздын мазмунунда 11-апрель күнү өткөрүлгөн шайлоодо Исфана шаардык кеңешиндеги 6 шайлоо участкаларында ( УШК №8019, 8020,8021,8022,8182,8187) атайын уюштурулган автомашиналар менен шайлоочуларды ташып, кайсы партияга добуш берүүнү шайлоочуларга айтып турган деген билдирүү жазган. Мындан сырткары ушул эле арызда Исфана шаар мэриясына караштуу айыл башчылар шайлоо участокторунда жүрдү деген маалымат камтылган. Буларды одоно мыйзам бузуу катары эсептеп, 6 шайлоо участкаларында ( УШК №8019, 8020,8021,8022,8182,8187) шайлоо жыйынтыгын жокко чыгарууну талап кылган.

Лейлек АШКнын ЫЧКТ төрагасы А.Рахмановдун билдирүүсү боюнча 11-апрель добуш берүү күнү жогоруда арызда белгиленген маалыматтар боюнча эч кандай жазуу түрүндө билдирүү түшпөгөндүгүн белгилеп өттү.

Лейлек райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги Ж.Т. Канзаманов райондук ички иштер бөлүмүнө да добуш берүү күнү шайлоо мыйзамдарынын бузулушу боюнча эч-кандай арыз даттануулар түшпөгөндүгүн билдирди.

Бул билдирүүдө көрсөтүлгөн шайлоочуларды автомашиналар менен ташуу боюнча шайлоо мыйзамдарында жана КРнын бузуулар жана жоруктар жөнүндө кодекстеринде, КРнын жазык кодексинде жоопкерчилик каралган эмес. Ал эми, шайлоого транпорт менен ташылып келген шайлоочуларга үгүт иштерин кайсы партия жүргүзгөндүгү тууралуу маалымат так факты менен жазылбаган. Исфана шаар мэриясына караштуу айыл башчылар учасканын сыртында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлдөрү катары шайлоонун жүрүшүндө АШК менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттенүүсүнүн негизинде сырткаркы жерде турушкандыгы анык. Бирок алардын үстүнөн да одоно мыйзам бузуу тууралуу арыз датттануулар түшкөн эмес.

Жогорудагыларды белгилеп, Лейлек АШКнын ЫЧКТ мындай корутунду чыгарат: "Бүтүн-Кыргызстан"саясий партиясынын Исфана шаардык бөлүмүнөн келген арыз мазмуну боюнча шайлоочуларды автомашиналар менен ташуу аркеттери тууралуу шайлоо мыйзамдарында жана КРнын бузуулар жана жоруктар жөнүндө кодекстеринде, КРнын жазык кодексинде жоопкерчилик каралган эмес. Ал эми ташылып келген шайлоочуларга үгүт иштерин кайсы партия жүргүзгөндүгү так далилдүү фактылар камтылбаган. АШК менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттенүүсүнүн негизинде айыл башчылар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлдөрү катары шайлоонун жүрүшүндө добуш берүүчү имараттын ичинде эмес сырткаркы жерде тургандыгы белгиленсин.

Лейлек АШК ЫЧКТ төрагасы: А.Рахманов